Oş Devlet Ünıversitesi
İlahiyat Fakültesi İlmi Dergisi
26. Sayı 2019

Ош мамлекеттик университети
Теология факультетинин илимий журналы
26-саны 2019

# Умайаддар доорунда Фергана өрөөнүндө исламдын жайылуусу

**Али Жусубалиев ***

**Аннотация**

Фергана өрөөнү Орто Азияда Улуу жибек жолу өткөн маанилүү аймак саналат. Мындан улам аймак ар дайыма ар түрдүү диндер кездешкен жана жайылган аймак катары белгилүү. Аймакка ислам келгенге чейин бир топ диндер жайылган. Алардын эч бири ферганалыктарга бирдиктүү дин түшүнүгүн камсыздай алган эмес. Качан гана умаййаддар доорунда Ферганaнын мусулман араптар тарабынан каратылуусу аркылуу өрөөн эли ислам динин кабыл алуу менен бирдиктүү дин түшүнүгүнө ээ болушкан. Бул макалада ошол доордогу исламдын жайылуу процесси негизги адабияттарга таяндырылып изилденүүгө аракет кылынган.

***Ачкыч сөздөр:*** Фергана, ислам, умаййаддар, Кутайба, Наср.

# The spread of Islam in the Ferghana region during the Umayyad period

**Annotation**

The Ferghana region is an important region in the Great Silk Road in Central Asia. This region is known as the region where various religious beliefs are encountered and spread. There was many religions spread until Islam came. None of them unable to create a common religious understanding to the ferghans. When Fergana was conquered by the Muslim Arabs in the Umayyad period, the people of the region formed Islam by accepting Islam. In this article, we tried to investigate the propagation process of Islam at that time on the basis of main sources.

***Key words:*** Ferghana,Iİslam, Umayyad, Kutaiba, Nasr.

* Доцент, Ош МУ теология факультети.

**1. Ферганада алгачкы исламий байланыштар**

Ферганалыктардын ислам дини жана мусулмандар менен алгачкы байланыштары Азирети Осмон доорунан баштап уланат. Бартольддун[1] Жамал Каршиден алган маалыматында «халифа Осмон (22-35/643-655) кайры диндегилерге каршы жихад кылуу үчүн Мухаммед ибн Жарир аттуу мусулман арап аскер башчыны милдеттендирет. Ал өзүнүн жанына көпчүлүгү сахаба жана табииндер турган 2.700 жоокерлик кошууну менен Аму Дарыяны кечип өтүшүп, түрк өлкөлөрүнө карай илгерилей баштайт. Атүгүл Ферганага дейре келгенге мүмкүнчүлүк табышат. Бирок бул жерде кайры диндер менен болгон согушта Мухаммед Ибн Жарир башында турган бардык сахаба табииндер шейит кетишет. Мазарлары Фергана өрөөнүндөгү Ала-Бука районунда жайгашкан». Бул мазар Сафид-Булан деп аталат. Бул маалыматты Щербина-Крамаренконун ал жердин жашоочуларынан уккан рывааттары тастыктап турат. Тарыхчы Китапчы[2] да бул маалыматтарды болгонун болгондой кылып баяндайт.

Чындыгында бул окуя бизди ойлонууга түртөт. Себеби мусулман арап кошуунунун Аму-Дарыяны басып өтүп Ферганага келүүсү мүмкүн эместей көрүнөт. Бирок Нувайриде айтылган рываят мунун мүмкүн экендигин ырастайт. Бул рываят боюнчаа халифа Осмон мезгилинде Хоросан башкаруучусу Умайр ибн Осмон ибн Саъд Ферганага дейре келген жана бул аралыкта жайгашкан аймактар менен келишимдерди түзгөн.[3] Демек ферганалыктардын мусулман араптар менен жолугушуулары ушул доордо башталган жана бул кездешүү жана келишимдер чегинде гана калган. Бул доордо Ферагананын мусулмандашуусунан көз кылуу мүмкүн эмес. Ферганалыктардын мусулмандашуусу кийин умаййаддар доорунда башталгандыгын төмөндө түшүндүрөбүз.

---

[1] Barthold. *Moğol İstilasına Kadar Türkistan*. (trc. Hakkı DursunYıldız) Ankara 1990. 174-б.

[2] Kitapçı Zekeriya. "Kuteybe b. Muslim Devrinde Aşağı Türkistan'ın Diğer Şehirlerinde İslamiyet". *Türk Dünyası Araştırmaları*. İstanbul 1984. 29. 61-б.

[3] Kurt. *Orta Asya'nın İslâmlaşma Süreci (Buhara Örneği)*. Ankara 1998. 39-б.

Фергана аймагы чындап иш жүзүндө Кутайба ибн Муслим тарабынан каратылган жана ислам дининин жайылуусу да анын мезгилинде башталат. Бирок Ферғананын шаарларынан Хожендин каратылышы боюнча эки рываят бар. Алгачкысы Йезид ибн Муавиянын халифалыгы мезгилинде Хоросандын башкаруучусу Селим ибн Зияд тарабынан Хожендге жиберилген аскердик сапар болуп, бул жолу хожендиктер жеңишке жетишишкен.[4] Экинчиси Хажжаждын башкаруусу учурунда анын кол астындагы Хоросан аймак башкаруучусу Мухаллаб ибн Абу Суфра тарабынан жасалган сапар болгон. Белазурийнин эмгегиндеги рываятта ал мындайча баяндалат:[5] «Мухаллаб башкаруусу учурунда көптөгөн согуштарды кылды. Ал келишимди бузган Хутталды жана Хожендди каратты». Бул маалыматтан улам хожендиктер менен мусулман араптардын ортосунда мындан мурун келишим түзүлгөндүгүн жана бул келишимдин бузулуп натыйжада каратылып алынгандыгын билүүгө болот. Алгачкы маалыматтар ушулардан тургандыктан Фергана өрөөнүнүн башталгыч жеринде жайгашкан Хожендд шаар тургундарынын мусулмандашууларын эртерээк башталгандыгын айтууга болот.

Ферганалыктар мына ошол алгачкы доорлордо согуштар жана ар түрдүү себептерден улам өздөрүн мусулман араптарга таанытышкан. Ал эми бул таанытуу алардын халифанын кошуунунда жана өзгөчө бөлүктөрдө кызмат кылууларына негиз болгон. Тарыхчы Китапчы атүгүл халифа Муавия мезгилинде башталган өзгөчө сарай коргоо бөлүгүнүн арасында ферганалыктардын да болуусу ыктымалдыгын белгилейт.[6] Ошону менен бирге ал Кудуста баш көтөргөн Харис аттуу жалганчы пайгамбардын козголоңун басууда маанилүү роль ойногон ферганалыктардын болгондугун жана халифа Абдулмалик ибн Марвандын (65-86/684-705) ыраазычылыгына жана сүйүүсүнө ээ болгонун да баяндайт. Бул кабарлар Азирети Осмон доорундагы окуяларды кубаттоо менен бирге ферганалыктардын бул

[4] Belazuri. *Fütûhu'l-Büldan.* (trc. Mustafa Fayda). Ankara 1987. 600-601-б; Якут ал-Хамавий. *Китабу муъжамил-булдан*. II. Франкфурт 1994. 404-б.

[5] Belazuri. *Fütûhu'l-Büldan.* 606-607-б.

[6] Kitapçı. *Orta Asya'da İslamiyetin Yayılışı ve Türkler*. Konya 1994.181-182-б.

доордо мусулман араптар менен аралашууларынан жана мусулмандашууларынан кабар берет. Бирок бул көбүнчө Ферганада жашагандардын эмес ферганалык аскерлердин мусулмандашуусу болгон.

**2. Кутайбанын иш-аракеттери**

Жогоруда да белгилегендей Кутайбанын Хоросан аймагына башкаруучу болуп дайындалуусу менен мурунку абал өзгөргөн. Ал алгач лидерлик жөндөмдүүлүгү менен бүтүндөй Маверауннахр аймагын халифаттыкка караткан. Андан соң аймактагы шаарларга мусулман араптарды жайгаштыруу менен жергиликтүү калктын мусулмандашуусун камсыздоону көздөгөн. Кутайба мындан сырткары жергиликтүү калктын динин өзгөртүүсүндө катуу чараларды да колдонгон. Бейкент, Самарканд сыяктуу Орто Азиянын маанилүү шаарларындагы буддист ибадатканаларын жана айкелдерин буздурган.[7] Аймакта исламдын жайылуусун камсыздоо максатында зороастризм жана буддизмге таандык ибадатканаларды мечитке айландырган, элдин бул жерге келүүсүн үгүттөп атүгүл мечитке келгендерге акча бердирип исламдын жайылуусуна чоң маани берген.[8] Ошондой эле исламий үгүттөр Ферганада да улантылган. 94/713-жылы Фергана аймагынын бир бөлүгүнүн каратылуусу аркылуу бул жерлер да ислам динине эшик ачкан жана аталган диндин жайылуусунда маанилүү кадамдар ташталган.[9]

Фергана өрөөнү Мавераунахрдын башка аймактары сымал башка дин өкүлдөрү жашаган аймак болгон. Булактарда Кутайбанын башка дин өкүлдөрүнө кандай мамиле жасагандыгын жана ар түрдүү ибадатканалардын мечитке айландырылып айландырылбагандыгына буддист айкелдердин талкаланып талкаланбагандыгына байланыштуу кабарлар берилген эмес. Бирок биздин оюбузда Кутайба башка аймактарда жасаган иштерин, бул жерде да жасоосу мүмкүн. Мисалы Кутайба Мавераунахрдын Самарканд жана Бухара

[7] Табарий. *Тарихур-русул вал-мулук.* VI. 432.475-476.

[8] Наршахи. *Бухара тарихи.* Ташкент 1991. 74-б.

[9] Günaltay. *Müslümanlığın Çıktığı ve Yayıldığı Zamanlarda Orta Asiyanın Umumî Vaziyeti*. Анкара жылы жок. 66-б.

сыяктуу шаарларына мусулман араптарды жайгаштырган.[10] Тарыхчы Белазурий да,[11] Кутайбанын башка аймактарга болгон сымал бул жерге да мусулман араптарды жайгаштыргандыгын жана мунун натыйжасында жергиликтүү калк менен мусулман араптардын аралашуусун жана исламдын жайылуусун максат кылгандыгы тууралуу маалымат бар. Албетте Кутайба мусулман араптарды аталган жерлерге жайгаштыруудагы негизги максат мамлекеттин коопсуздугун сактоо болгон. Ошондой эле ал исламдын жайылуусун да камсыздоону көздөгөндүгүн көрүүгө болот. Велхаузен (Wellhausen)[12] белгилегендей «Мындан кийин саясий арап үстөмдүгү менен кошо аймакта ислам дини өзүнө таандык өзгөчөлүктөр менен акырындык менен жайыла баштаган. Башка шаар жана кыштактарда болгон сыяктуу бул аймакта да көптөгөн мечиттер курулган жана мунун натыйжасында ал жердин тургундары болгон түрк элдеринин бир тобу мусулман болушкан.» Өзбекстан тарыхында[13] да төмөнкүлөр бизге баяндалат: «Каратылган шаар жана кыштактарда мечиттердин, жамы-мечиттердин курулушуна чоң маани берилген. Көпчүлүк убакта мечит жана жамы мечиттер үчүн жаңы имараттарды куруунун ордуна, зороастризм динине таандык ибадатканаларды мечитке айландырышкан». Географ Макдисий,[14] Ферганада мечиттери бар кырк шаар жана кыштакты эсептейт. Шаарларды санаганда отуз биринин атын атайт. Бирок мечит жана жамы мечиттерден кайсыларынын Кутайбанын мезгилинде курулгандыгы тууралуу маалымат берген эмес. Бирок Таберий жана Белазурийлер айткандай[15] Фергананын шаарларынан Касан, Хоженд жана башка бир нече шаар кыштактардын мусулман мамлекетине каратылуусу менен аталган жерлерде мусулмандар жайгаштырылган. Ал эми бир тараптан алардын намаз окуусун камсыздоо, экинчи тараптан жергиликтүү калкты исламга тартуу үчүн мечиттердин курулуусун

---

[10] Narşahî. *Buhara Tarihi.* 80-б; Якубий. *Тарихул-якубий.* Лейден 1883. 55-б.

[11] Belazuri. *Fütûhu'l-Büldan.* 628-629-б.

[12] Wellhausen. *Arap Devleti ve Sukûtu*. (trc. Fikret Işıltan). Ankara1960. 209-б.

[13] Автордук топ. *Өзбекстан халклари тарихи.* Ташкент 1992. I. 82-б.

[14] Barthold. *Moğol İstilasına Kadar Türkistan*. 177-б.

[15] Belazuri. *Fütûhu'l-Büldan.* 615-б; Табарий. *Тарихур-русул вал-мулук.* Каир жылы жок. VI. 483-484-б.

айтууга толук негиз бар. Мына ошол курулган мечиттерден Фергана мечити (Касан шаарындагы мечит) Кутайбанын жаңы халифа болуп дайындалган Сулайманга каршы козголоңу жана натыйжада Кутайбанын өзүнүн аскерлери тарабынан өлтүрүлүшүнө күбө болгон. Бирок Велхаузен берген бул окуя жайынын Фергана болгондугу тууралуу Таберий жана Ибнул-Асирдин эмгектеринде айтылбайт. Биздин пикирибизде Велхаузен Кутайбанын өлтүрүлүшүн төмөнкү кабардан улам айтышы мүмкүн. Кутайба халифа Валиддин өлгөндүгү тууралуу кабарды Ферганада сапар учурунда алган.[16] Таберий жана Ибнул-Асирдин эмгектеринде айтылган Кутайбанын өлтүрүлгөн жайынын бир мечит экендиги анык болсо, мунун да Ферганада курулган мечит болгондугу айдан ачык.[17] Маалыматтарга караганыбызда Кутайба жаңы халифа Сулайманга каршы чыга турган мезгилде бир туугандары менен кеңешип иш кылган. Бир тууганы Абдуррахман болсо: «Бир топ түз жана бул топ менен бирге сага коркунучу тие турган адамдарды Мервге жибер» деген болчу.[18] Бул маалыматтан улам кеңешменин Ферганада өткөндүгү өз-өзүнөн белгилүү болот. Тарыхчы Китапчы да бул кабарды туура деп эсептеп окуяны мындайча сүрөттөйт:[19] «Кутайба өзүнө мурдатан бери каршы экендигин билген Сулайман ибн Абдулмаликтин халифа болгон кабарын Ферганада кошууну менен сапар учурунда угуп (96/714), кыйын, арсар абалда калган. Акырында кошууну менен жаңы халифага каршы чыгууга чечим чыгарат. Ал Хажжаж ибн Юсуфтун халифага добуш берүүгө каршы чыккан куфалыктарга карата жасаган тактикасын эми башкача түрдө өзүнүн аскерлерине жасоону көздөйт. Оболу Фергана мечитине келет. Кошуундун бардык өкүлдөрүн ал жерге чогултат. Фергана мечити мындан мурун да мындан кийин да кайталануусу мүмкүн болбогон окуяга күбө болот. Мечит аябай толгон эле. Акырында Кутайба айбаттуу кадам таштап минбарга чыгып, айткан кызуу сөздөрү менен кошуундун мүчөлөрүнө жана

---

[16] Табарий. *Тарихур-русул вал-мулук.* VI. 500-б; İbnu'l-Esîr. *el-Kâmil fi't-Tarih.* (trc.Ahmet Ağırakça, Yunus Apaydın v.s.). İstanbul 1985. V. 15-б.

[17] Табарий. *Тарихур-русул вал-мулук.* VI. 515-б; İbnu'l-Esîr. *el-Kâmil fi't-Tarih.* V. 22-б.

[18] İbnu'l-Esîr. *el-Kâmil fi't-Tarih.* V. 19-б.

[19] Табарий. *Тарихур-русул вал-мулук.* VI. 506-509-б; İbnu'l-Esîr. *el-Kâmil fi't-Tarih.* V. 18-23-б; Kitapçı. "Aşağı Türkistan'ın Diğer Şehirlerinde İslâmiyet". 62-63-б.

аскер башчыларына өзүнүн кандай адам болгондугун түшүндүрүп халифага каршы колдоо көрсөтүүлөрүн сурап кайрылат. Бирок ал жердегилер таш сыяктуу катып калгандай эч нерсе деп жооп беришпейт. Алардан мындайды күтпөгөн Кутайба аябай ачууга берилип, минберден түшпөй туруп, уруу мүчөлөрүнө жана алардын башчыларына аябай акаарат сөздөрдү айтып тилдейт. Минбардан түшкөндөн кийин да тынчтандырууну каалаган адамдарга көңүл бурбастан аларды да тилдөөдөн кайра тартпайт. Акырында албетте табигый түрдө мунун жазасын өз башы менен төлөгөн (96/714)».

Ошентип Ферганадагы борбордук мечит алгачкы эле мезгилдеринде ушундай окуяга күбө болгон. Ошондой эле бул мечит ибадат функциясын аткаруу менен бирге чогулуш функциясын да аткарган. Табери Кутайбанын өлтүрүлүүсүндө негизги орунду ээлегендердин араптар экендигин айтып бул окуядан кабар тапкан хоросандык жергиликтүү мусулман (ал мезгилде бүтүндөй Фергана өрөөнүн камтыган аймакка хоросан деп аталган) мынтип ички сезимдерин билдирген:

«Эй арап коому! Ошентип Кутайбаны өлтүрдүңөр. Аллага ант ичемин, эгер Кутайба бизден бири жана арабызда өлгөндө анын денесин бир табытка коюп согуштарыбызда жеңишке жетишиш үчүн андан жардам сурайт элек. Вай-даат! Күмөнсүз Кутайбага кыянатчылык кылынган».[20]

Кутайбанын араптар тарабынан өлтүрүлүүсү жергиликтүү калк арасында абдан таасир калтырган. Кутайбанын кабыры азыркы Өзбекстандын Андижан облусунун Жалал-Кудук районунда жайгашып, бүгүнкү күндө деле жерлигиликтүү калк тарабынан зыярат кылынат. Жергиликтүү калк тарабынан Кутайбага «шейх, имам» деп аталып, мазары болсо «Имам шейх Кутайба мазары» катары таанымал.[21] Тарыхчы Наршахи анын кабырыКах аттуу бир кыштакта «Аскер башчылар рибаты/Рибаты серхенкте» жайгашканын айтат. Бартольддун пикири боюнча бул эки рываят тең чынында бир

[20] Табарий. *Тарихур-русул вал-мулук.* VI. 519-б.

[21] Barthold. *Moğol İstilasına Kadar Türkistan*. 174-б.

эле жерди сүрөттөп жатат дейт.[22] Аталган бул сыяктуу мазарлардын (жогорудагы Сафид-Булан мазары дагы) жергиликтүү калктын мусулмандашуусунда бир аз болсо да таасири болгонун айта кетүү орундуу.

Бул мезгилде Ферrананын Улуу Жибек Жолунун тоомунда жайгашкандыгы баарына маалым. Батыштан чыгышка жана чыгыштан батышты карай кеткен соода кербендеринде Frye белгилегендей[23] бир гана соодагер, кул жана сакчылар эле эмес, ошол эле учурда кол өнөрчү жана мусулман үгүтчүлөрү да болгон. Алар барышкан жерлеринде маданияттары менен бирге диний ишенимдерин да алып барышып жайышкан. Күмөнсүз Фергана өрөөнү мындай үгүт иштеринин сыртында калган эмес. Бул доордо Фергана өрөөнүндө соода-сатык өнүгүп, бул жерге ар тараптан соодагерлер келишкен. Мисалы зороастризм жана буддизм диндери аймакка көбүнчө соода жолу аркылуу жайылган. Жакынкы Чыгыш, Иран жана Арабистандан келген соодагерлер ушул жерлерге чейин келишкен[24] жана соода-сатыктарынан сырткары жергиликтүү калк менен таанышып, өздөрүнүн маданияттарын жана диндерин аларга үйрөтүшкөн.

Кутайба ибн Муслим тарабынан башталган мусулмандаштыруу иш-аракеттери анын өлүмүнөн кийин бир топ убакытка токтоду. Себеби Ферrананын өкүмдары кытайлыктардын жардамы менен Ферганадагы бийлигин кайтарып алып Кытайдын союздашы болуп калган. Бирок бул мезгил да көпкө созулган эмес. Наср ибн Саййардын аймакка келип Фергана өкүмдарын баш ийдирүүсү аркылуу мусулмандаштыруу процесси кайра уланат. Бул тууралуу кийинки бөлүмдө кенен баяндамакчыбыз. Бирок Наср ибн Саййардын мезгилине дейре (120/738) жыйырма жыл бар болгондуктан бул мезгил аралыгында болуп өткөн маанилүү эки окуяга токтолобуз.

Биринчиси адилеттүү башкаруусу менен таанымал халифа Умар ибн Абдулазиздин Маверауннахр өкүмдарларына жазган

---

[22] Narşahî. *Buhara Tarihi.* 132-б; Бартольд. “Fergana” *İslam Ansiklopedisi* (M.E.B.). İstanbul 1964. IV. 559-560-б.

[23] Frye. *Orta Çağın Başarısı Buhara.* (trc. Hasan Kurt). Анкара 2000. 101-б.

[24] Kitapçı. *İslâmiyetin Yayılışı ve Türkler.* 73-б.

исламга чакырык каттары. Белазурий бул өкүмдарлардын аттарын бизге атабайт. Бирок бул өкүмдарлардан бири катары Фергана өкүмдарынын да исламга үгүт кылынуусу толук мүмкүн. Белазурий мунун натыйжасында өкүмдарлардын көпчүлүгүнүн мусулман болушкандыгын да айтат, бирок алардын аттарын кимдер болгондугун маалымдабайт.[25]

Экинчиси 103/721-жылы Хоросан аймак башкаруучулугуна дайындалган Сайид ал-Хараший мезгилинде согдулардын Ферганага көчүү аракеттери болгон. Алардын Ферганага көчүү себептери катары Харашийнин жергиликтүү калкка аябай катуу мамиле жасагандыгы саналат. Көпчүлүгүнүн Хожендге бир бөлүгүнүн Ферганaнын ички тарабына көчүп келишкен согдуларды[26] жазалоо үчүн Хараший кошууну менен келип Хожендди курчоого алган. Бир канча мөөнөт коргонгон согдулар Фергана өкүмдарынан жардам келбегенде баш ийүүгө аргасыз калышкан. Хараший баш ийген согдулардын көпчүлүгүн өлтүрткөн. Ошентип козголоңчулар тарапка өткөн Хоженд Хараший тарабынан акыркы жолу каратылган (104/722).[27] Бирок Хараший ошол мезгилде кандай исламий иш-аракет жасагандыгы тууралуу маалымат жок. Бирок баш ийип исламды кабыл алган калк үчүн бир мечит курулгандыгы толук мүмкүн.

### 3. Наср ибн Саййардын иш-аракеттери

Насрдын Хоросан аймагына башкаруучу болуп дайындалуусу менен Мавераунназр аймагында абал оң тарапка өзгөргөн. Мурдатан жоготулган жерлердин баары кайрадан алынган жана жаңыдан исламга үгүт иштери башталган. Фергана өкүмдары менен да тынчтык келишими түзүлүп, бүтүндөй өрөөндүн эшиктери исламдын жайылуусуна ачылган.[28]

---

[25] Belazuri. *Fütûhu'l-Büldan.* 621-б.

[26] Barthold. *Moğol İstilasına Kadar Türkistan*. 204-б; Бернштам. *Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана.* Бишкек 1997. 261-б.

[27] Günaltay. *Müslümanlığın Çıktığı ve Yayıldığı Zamanlarda Orta Asiyanın Umumî Vaziyeti*. 88-89-б; Gibb. *Orta Asya'da Arap Fütuhatı*. 52-53-б; Автордук топ. *Өзбекстан халклари тарихи. I.* 76-77; Kurtuluş. Rıza. "Hocend". *İ.A.* (*D.İ.A.*). İstanbul 1998. XVIII. 272-б.

[28] Табарий. *Тарихур-русул вал-мулук.* VII. 177-178; İbnu'l-Esîr. *el-Kâmil fi't-Tarih.* V. 199-200-б.

Наср бийликке келген алгачкы күндөрүнөн баштап, исламдын коргоочусу болгонун жарыялап, бул жолдо эмне кылынуусу зарыл болсо, аны аткарууга аракет жасаган. Таберий Насрдын бул жарыясын төмөнкүдөй баяндайт:[29] «Баарыңар жакшылап угуп алгыла! Мындан кийин мен мусулмандардын коргоочусумун, аларга ар кандай жакшылыкты жасайм. Алардын карыздарын төлөп кыйынчылыктарын (салыктарын) мушриктердин үстүнө жүктөйм. Ушуну да билгиле, мындан кийин буга чейин чечилген жана чогултулган салыктан ашыкча болгонун эч качан албайм.

Силерге Мансур ибн Умар ибн Абул-Харканы бул жолдо жасалган зулумдуктарды ачыкка чыгаруу үчүн амил кылып дайындадым. Ага силерге карата адилеттүү болуусу үчүн буйруктарды бердим. Эгерде силерден мусулман болгон кайсы бир адамдан дале жизя жана хараж алынып жатса, а бирок ошол өлчөмдө салык мушриктерден алынбай жатса, мындай адамдар абалын Мансур ибн Умарга билдиришсин. Ал мындай салык адилетсиздиктерин түзөтөт, мусулмандардан алып, мушриктердин үстүнө жүктөйт».

Мындай абалда адилетсиз түрдө салык төлөөгө мажбур калган 30.000 мусулмандын ордуна, салык алынбаган мусулман болбогондордун саны 80.000 болгону аныкталып, салык биринчилеринен экинчилерине оңой эле өткөрүлүп берилген.[30] Шексиз алардын арасында ферганалык мусулмандар да болгон. Бул иштердин натыйжасында тактап айтканда салыктардын мусулман болбогондорго жүктөлүүсү жергиликтүү калктын анын ичинде ферганалыктардын мусулман болууларын тездеткен.

Насрдын башка маанилүү иш-аракети болсо, Ашрастын мезгилинде башталып, узак жылдар бою уланган саясий себептерден улам мекен жайларын таштап Фергананын ар түрдүү аймактарына көчүп келип жайгашкан согдуларга жасаган жакшылыгы эсептелет. Сан жагынан бир топ көп болгон көчмөндөргө мурунку Хоросан башкаруучулары жасабаган ишти Наср жасаган. Ал көчмөндөргө чоң

[29] Табарий. *Тарихур-русул вал-мулук.* VII. 173-б; Kitapçı. *İslâmiyetin Yayılışı ve Türkler.* 315-316-б.

[30] Barthold. *Moğol İstilasına Kadar Türkistan*. 208-б.

мүмкүнчүлүктөрдү берип алар менен келишим түзгөн. Бул келишимде төмөнкү өкүмдөр орун алган:

1-Мурда мусулман болуп бирок ар түрдүү себептерден улам динден чыккан адамдар эч кандай жазага тартылбайт.

2-Көчмөндөрдүн жеке карыздары менен салык карыздары кечирилет жана аларга эч бир адамдын карызы жүктөлбөйт.

3-Алардын колунда кармалган мусулман туткундар бир гана туура калыс адамдардын күбөлүгү жана сот мекемесинин укуктук чечими менен эркин болуп эсептелет.[31]

Бул келишим шарттары халифа тарабынан каалоосуз түрдө кабыл алынса да Насрдын бул иши бир мусулман башкаруучунун аткаруусу зарыл болгон милдети болгон. Муну менен ал Мавераунңахрда эл тарабынан сүйүлгөн инсан болуп абройу арткан жана ислам дининин жайылуусунда маанилүү роль ойногон.

Насрдын Фергана аймагында жасаган башка иштери булактарда жазылган эмес. Анын бир гана Ферганага Мухаммед ибн Халид ал-Аздийни башкаруучу катары дайындагандыгы тууралуу маалымат бар.[32] Жогоруда белгилеп кеткендей Макдисий Фергана аймагында иш жүргүзгөн 40 мечиттин канчасы Наср ибна Саййар мезгилине туура келет, бул жөнүндө да так айтуу мүмкүн эмес. Бирок Насрдын адилеттүү башкаруусу, мусулмандарга карата жеңилдиктердин берилүүсү, албетте ферганалыктардын да исламды кабыл кылып, мечит куруусуна жакшы шарттарды түзгөн.

Мындан башка ушул жерде айта кетчү бир маалымат бар. Бул маалымат Наср ибн Саййар доорунан бир аз мурдаракка тиешелүү. Бартольддун Жамал Каршийден алган маалыматы боюнча,[33] Фергана аймагында пайгамбарыбыздын урпагы болгон Имам Хусейиндин небереси Имам Мухаммед Бакырдын бир тууганы Абдуллахтын (өлгөн жылы 113/731) мүрзөсү бар. Анын мүрзөсү Кокондо деп жазылат. Болжолубузда ал душман менен согушта шейит кеткен. Жогоруда да белгилегенибиздей атактуу мусулман лидерлеринин мүрзөлөрү жергиликтүү мусулмандар тарабынан зыярат кылуучу

[31] Kitapçı. *İslâmiyetin Yayılışı ve Türkler.* 321-б.

[32]Табарий. *Тарихур-русул вал-мулук.* VII. 176-177-б.

[33] Barthold. *Moğol İstilasına Kadar Türkistan*. 174-б.

жайга айланган жана жергиликтүү калктын бул инсан тууралуу маалымат алуусуна ал аркылуу исламдын жайылуусуна аз болсо да салым кошкон.

Насрдын мезгилинде Мавераунназрда тынчтык өкүм сүргөн. Анын натыйжасында аймак жашоочуларынын экономикалык, маданий жана социалдык абалында өзгөрүүлөр болгон. Бир канча мөөнөткө токтоп калган Улуу Жибек Жолу кайрадан жанданган жана соодагерлер менен үгүтчүлөр аймакта исламды жаюуга иш-аракеттерди жасашкан. Мындан сырткары Наср доорунда Фергана өрөөнүндө курулган рибаттар тууралуу булактарда маалымат жок. А бирок Ашрас ибн Абдуллах ас-Суламий (109-111/727-729) доорунда башталган рибат куруу ишинин[34] Ферганада Наср ибн Саййар мезгилинде да курулушу мүмкүн экендигин ойлойбуз. Себеби өзүн мусулмандардын коргоочусумун деп жарыялаган бир инсандын рибаттарды куруу аркылуу көңүлдүү мусулман жоокерлери үчүн душмандын чабуулдарынан мекенди коргоо үчүн имараттарды курдуруусу толук мүмкүн. Мисалы Таберий жана Ибнул-Асир Насрдын Ферганадан Шашка карай жасаган сапары тууралуу баяндашканда[35] бир рибат жөнүндө жазышат. Бул мезгилде аскерий гарнизон жайгашкан жай катары колдонулган рибаттар, мезгилдин өтүшү менен кербенсарай жана илим борборлоруна айланган. Ал эми бул жергиликтүү калктын маданий, илимий жактан деңгээлдеринин көтөрүлүүсүнө себепкер болгон.

### Колдонулган адабияттар

1. Barthold. *Moğol İstilasına Kadar Türkistan*. (trc. Hakkı DursunYıldız) Ankara 1990.
2. Kitapçı Zekeriya. “Kuteybe b. Muslim Devrinde Aşağı Türkistan’ın Diğer Şehirlerinde İslamiyet”. *Türk Dünyası Araştırmaları*. İstanbul 1984.
3. Kurt. *Orta Asya’nın İslâmlaşma Süreci (Buhara Örneği)*. Ankara 1998.
4. Belazuri. *Fütûhu’l-Büldan*. (trc. Mustafa Fayda). Ankara 1987.

---

[34] Barthold. *Moğol İstilasına Kadar Türkistan*. 205-б; Автордук топ. *Өзбекстан халклари тарихи. I.* 78-б.

[35] Табарий. *Тарихур-русул вал-мулук.* VII. 174-175-б; İbnu’l-Esîr. *el-Kâmil fi’t-Tarih.* V. 197-198-б.

5. Якут ал-Хамавий. *Китабу муъжамил-булдан*. II. Франкфурт 1994.
6. Kitapçı. *Orta Asya'da İslamiyetin Yayılışı ve Türkler*. Konya 1994.
7. Наршахи. *Бухара тарихи.* Ташкент 1991.
8. Günaltay. *Müslümanlığın Çıktığı ve Yayıldığı Zamanlarda Orta Asiyanın Umumî Vaziyeti*. Анкара жылы жок.
9. Якубий. *Тарихул-якубий*. Лейден 1883.
10. Wellhausen. *Arap Devleti ve Sukûtu*. (trc. Fikret Işıltan). Ankara 1960.
11. Автордук топ. *Өзбекстан халклари тарихи.* Ташкент 1992. I.
12. Табарий. *Тарихур-русул вал-мулук.* Каир жылы жок. VI.
13. İbnu'l-Esîr. *el-Kâmil fi't-Tarih.* (trc.Ahmet Ağırakça, Yunus Apaydın v.s.). İstanbul 1985. V.
14. "Fergana" *İslam Ansiklopedisi* (M.E.B.). İstanbul 1964. IV.
15. Frye. *Orta Çağın Başarısı Buhara*. (trc. Hasan Kurt). Анкара 2000.
16. Бернштам. *Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана.* Бишкек 1997.
17. Kurtuluş. Rıza. "Hocend". *İ.A.* (*D.İ.A.*). İstanbul 1998. XVIII.